# КФП – Борбор Азия үчүн «Ишкер аялдар» программасы - КР Finca

Жайгашкан жери:
Кыргыз Республикасы

Долбоордун номери:
53733

Тармак:
финансы уюмдары

Сектор:
жеке

Экологиялык категориясы:
ФР

Бекитилген дата:
2024-жылдын 20-февралы

Абалы:
**Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген**

Англис тилинде долбоордун резюмеси жарыяланган күн:2024-жылдын 22-февралы

*«Маалыматка жетүү мүмкүндүгү жөнүндө» директиванын 1.4.2 (iii) бөлүмүнө ылайык: «Директорлор кеңеши ага бекитүүгө ыйгарым укуктарды өкүлдөп берген учурларда Банктын оперативдик жетекчилиги тарабынан бекитилүүчү долбоорлор үчүн долбоордун резюмесинин мазмуну тиешелүү мезгилдин башталышында Банктын мүчө мамлекетине маалымдалат, ал аралыкта ЕРӨБдү түзүү жөнүндө макулдашуунун 13 iii) беренесине ылайык каршылыктар жоктугу тууралуу кабарландыруу берилет».*

## Долбоордун сүрөттөлүшү

Аялдар жетектеген микро-, чакан жана орто ишканаларды кредиттөө максатында Борбор Азия үчүн «Ишкер аялдар» (БА үчүн ИА) программасынын алкагында 4 млн. АКШ долларына чейинки өлчөмдө кыргыз сому менен FINCA Банкка кредит бөлүү.

## Долбоордун максаты

Долбоордун максаты Кыргыз Республикасында аялдардын ишкердигин жана жалпысынан аялдар жетектеген микро-, чакан жана орто ишканаларга каржылоого жетүү мүмкүндүгү, ноу- хау жана консультативдик коштоо жаатында, өзгөчө өлкөнүн аймактарында көмөктөшүү аркылуу ишкердик иште аялдардын катышуусун өнүктүрүүдө жана колдоо көрсөтүүдө турат.

17938R-0

Каржылоонун тартыштыгы аялдар жетектеген микро-, чакан жана орто ишканалардын өткөөл процесстери үчүн ири тоскоолдук болуп саналат.

## Өткөөл процесске таасири

Өткөөл мезгилде күтүлгөн таасирин балл менен баалоо – 70

Долбоор өткөөл процесстин «инклюзивдүүлүк» жана «атаандаштык» атрибуттарын ишке ашырууга шарт түзүү менен, БА үчүн аялдардын ишкердиги программасынын максаттарына жетүүгө көмөктөшөт. Кредит өткөөл процесске таасир этүү бөлүгүндө Программанын максаттарына жетүүгө, б.а. аялдар ишкердигине түрткү берүүгө жана жалпысынан аялдардын ишкердик ишке катышуусуна, «каржылоого жетүү мүмкүндүгүндө» жана «ишке орношууда жана ишкердикте» гендердик дисбалансты жоюуга кызмат кылат. Жалпысынан бул максаттар каржылоону Кыргыз Республикасындагы ишкер аялдар үчүн жеткиликтүү кылат.

## Кардар жөнүндө маалымат

FINCA BANK ЖАК

FINCA Bank Кыргызстан (ФБК) 1995-жылы киреше деңгээли төмөн болгон ишкерлерди финансылык тейлөө үчүн кайрымдуулук фонду статусунда негизделген. Кийин, 2003-жылы, ал микрофинансылык уюмга өзгөртүлгөн, ал эми 2015-жылы толук банктык лицензияны алган.

ФБК толук кызмат көрсөтүүлөр топтомун, анын ичинде микро-, чакан жана орто ишканалар үчүн кредиттерди берүү, айыл чарбаны кредиттөө, акча которуулар, юридикалык жана жеке жактар үчүн күнүмдүк эсептерди тейлөө, мөөнөттүү аманаттар жана аманат продукттары, эсептешүү кызматтары жана инкассация кызматын көрсөтөт.

## ЕРӨБ каржылоосу

4 млн АКШ долл.

Борбор Азия үчүн «Ишкер аялдар» программасынын алкагында 4 млн АКШ долл. чейинки өлчөмдө кыргыз сому менен кредит.

## Долбоордун жалпы наркы

4 млн АКШ долл.

## Толуктоо

Толуктоо i) улуттук валютада талап кылынган орто мөөнөттүү каржылоонун; ii) каржылоонун жана инвестициялардын инновациялык түзүмүнүн; iii) стандарттарды белгилөөнүн; iv) билимдин, инновациялардын жана потенциалды өстүрүүнүн айкылышы менен жетишилет.

## Экологиялык жана социалдык маселелер

Долбоор В экологиялык категориясына киргизилген (2019-жылдагы ЭССга ылайык): ФБК ТР 2, 4 жана 9 сактоого, ошондой эле корпоративдик зайымчылар, МСП жана микрокредиттөө үчүн ЕРӨБ Экологиялык жана социалдык жол-жоболорду аткарууга жана сактоого милдеттүү. УЭУР тарабынан Долбоорлорду ишке ашырууга карата талаптардын сакталышын баалоо үчүн долбоорду акыркы кароого берүүгө чейин ЕРӨБ жаңы кардарларынан экосоциалдык комплекстүү текшерүү анкетасын толтуруу жана УЭУРге жөнөтүү талап кылынат. ФП ичинен бардык карларлар Банкка ар жылдык экологиялык жана социалдык отчеттуулукту берүүгө тийиш.

## Техникалык кызматташтык жана гранттык каржылоо

Борбор Азия үчүн «Ишкер аялдар» программасы боюнча ТК өзүнө үч өз ара байланыштуу компонентти камтыйт:

i) өнөктөш банктардын потенциалын өстүрүүнүн адистештирилген

программасы.

Сумма/валюта: 5,25 млн АКШ долл. БА үчүн ИА Программасынын деңгээлинде;

ii) Чакан бизнести консультативдик колдоо программасын тартуу («КСМБ») менен аялдар жетектеген микро-, чакан жана орто ишканалардын потенциалын өстүрүү.

Сумма/валюта: 5,7 млн АКШ долл. БА үчүн ИА Программасынын

деңгээлинде

Каржылоо булагы: We-Fi

iii) ТК баалоо жана Finca Банкта кредиттик рейтинг системасын түзүү. ФБК онлайн-канал аркылуу микро-, чакан жана орто ишканаларга кредиттер үчүн кредиттик рейтингдин жаңы системасын түзүүдө жана жайылтууда техникалык көмөк көрсөтүүнү алат.

Сумма/валюта: 74 500 еврого чейин (78 500 АКШ долл.)

Каржылоо булагы: ААФ

Мындан тышкары, долбоор өзүнө ТКдан тышкары компонентти камтыйт: аялдар ишкерлигин өнүтүрүүгө кредиттин 10%ына чейинки өлчөмдө биринчи чыгашадан камсыздандыруу механизми (бир субкредиттин 70%нан көп эмес). FINCA Банктын биринчи чыгашалан камсыздандыруусу Программага катышууга байланыштуу кредиттик чыгашаларды жабат.

Каржылоо булагы: ИФМП

# Компаниядагы байланышуучу адам

nullfinca@fincabank.kg
+996(312)440440
www.fincabank.kg
Кыргызстан, Бишкек ш., 720011, Шопоков көч., 93/2

# Долбоордун резюмесин акыркы жаңыртуу датасы

22 февраля 2024-жылдын 22-февралы

# Өткөөл процесс деген эмне

ЕРӨБдүн долбоорлордун өткөөл процесске болжолдуу таасирин баалоого карата мамилесине байланыштуу кошумча маалымат бул жерде камтылган.

# Долбоорлорго катышуу үчүн мүмкүнчүлүктөр

Долбоорго катышууга же сатып алууларга байланыштуу компания-кардарга кайрыдыңыз.

ЕРӨБ менен кызматташууга байланыштуу (сатып алууларга тиешелүү эмес) кайрылыңыздар:
тел.: +44 20 7338 7168
эл. почта: projectenquiries@ebrd.com

Мамсектордогу долбоорлор: караңыз EBRD Procurement
тел.: +44 20 7338 6794
эл. почта: procurement@ebrd.com

# Жалпы маалымдама

Конкреттүү маалыматтык суроо-талаптарды маалыматтык суроо-талаптар үчүн ЕРӨБ формулярын пайдалануу менен жөнөтүүгө болот.

# Экологиялык жана социалдык саясат (ЭСС)

ЭСС жана ага байланыштуу долбоорлорду ишке ашырууга карата талаптар (ИТ) ЕРӨБ ал боюнча өзүнүн «экологиялык жоопкерчиликтүү жана туруктуу өнүктүрүүгө» умтулуусун ишке ашырган жол-жобону аныктайт. ЭСС ИТда кызыкдар тараптардын, өзгөчө кардардын жана долбоордун экосоциалдык ишине байланыштуу тынчсызданууларын жана даттанууларын кароо жана канааттандырууга көмөктөшүү үчүн коомчулукка маалымдоо жана консультация жүргүзүү боюнча улуттук мыйзамдардын тиешелүү ченемдерин аткаруу боюнча, ошондой эле даттанууларды берүү жана кароо механизмин белгилөө боюнча кардарларга карата конкреттүү талаптар камтылган.
Экосоциалдык тобокелдиктердин мүнөзүнө жана масштабына жана долбоордун таасирине жараша зарыл болгондо ЕРӨБ өз кардарларынан тобокелдиктер жана долбоорлордун таасирлери жөнүндө маалыматты ачыкка чыгарууну, ошондой эле пикирлерди алуу жана ал боюнча жооп чараларын көрүү максатында кызыкдар тараптар менен милдеттүү консультацияларды жүргүзүүнү кошумча

талап кылат.

Бул жааттагы ЕРӨБ практикасы боюнча кошумча маалымат ЭССда камтылган.

# Ишкер ак ниеттүүлүк жана белгиленген ченемдерди сактоо

ЕРӨБ Комплаенс-контроль башкармалыгы (ККБ) жоопкерчиликтүү башкарууга көмөктөшөт жана Банктын ишинин бардык аспекттери ишкер ак ниеттүүлүктүн жогорку стандарттарына жооп бериши жана алдыңкы эл аралык практикага ылайык келишин көзөмөлдөйт. Ишкер ак ниеттүүлүктү текшерүү ишти ак ниеттүү эмес жүргүзүүгө байланыштуу тобокелдиктерге, ошондой эле ЕРӨБ үчүн репутациялык тобокелдиктерге жол бербөө үчүн Банктын бардык кардарларына карата жүргүзүлөт. Банк долбоорлорду алдын ала баалоо жана жактыруу баскычында көйгөйлүү аспекттерди аныктоо жана жоюу Банктын бүтүмдөрүнүн репутациялык тазалыгын камсыздоонун натыйжалуу карадаты болуп саналат деп эсептейт. Комплаенс-контролдоо башкармалыгы (ККБ) бул профилактикалык иш-чараларда негизги ролду ойнойт, ошондой эле инвестициядан кийинки баскычта Банктын ишкер бедели үчүн тобокелдиктерге мониторинг жүргүзүүгө жардам берет.

ККБ ЕРӨБ тарабынан каржылануучу долбоорлордун алкагындагы алдамчылык, коррупция жана кызматтык жосундарды жасоо фактылары жөнүндө маалыматты текшерүү үчүн жооп берет. Эгерде Банктын ичинде же анын чегинен тышкары кимдир бирөөдө алдамчылык же коррупция актыларын жасагандыгына шектенүүлөр болсо, ал compliance@ebrd.com электрондук почта дарегине билдирүү жөнөтүп, бул тууралуу комплаенс-контролдоо башкармалыгынын начальнигине жазуу жүзүндө маалымдашы керек. Бардык билдирилген фактылар ККБ тарабынан ал боюнча тиешелүү чараларды көрүү предметине каралат. Бардык, анын ичинде анонимдүү билдирүүлөр боюнча текшерүүлөр жүргүзүлөт. Бул билдирүүлөр Банктын же Банктын операциялар өлкөсүнүн каалаган тилинде түзүлүшү мүмкүн. Мындай маалымат жакшы ниет менен билдирилиши керек.

# Маалыматка жетүү саясаты (МЖС)

2020-жылдын 1-январында күчүнө кирген Маалыматка жетүү саясаты ЕРӨБ тарабынан белгиленген маалыматты ачыкка чыгаруу жана анын стратегиясын, саясатын жана операциялык ишин терең билүүгө жана түшүнүүгө көмөктөшүү үчүн кызыкдар тараптар менен консультация өткөрүү тартибин аныктайт. Маалымат менен таанышуу үчүн ЕРӨБ веб-сайтындагы «Маалыматка жетүү саясаты» бөлүмүнө кириңиз.

Конкреттүү маалыматтык суроо-талаптарды маалыматтык суроо-талаптар үчүн ЕРӨБ формулярын пайдалануу менен жөнөтсөңүз болот.

# Долбоорлор боюнча көз карандысыз отчеттуулук органы (ДКОО)

Эгерде экосоциалдык жаатта же маалыматты ачыкка чыгаруу чөйрөсүндө кардарга же Банкка карата пайда болгон тынчсызданууну канааттандыруу аракети (мисалы, кардар түзгөн долбоордук деңгээлде даттанууларды берүү жана кароо механизми аркылуу же Банктын оперативдик жетекчилиги менен түз өз ара аракеттенүү аркылуу) жыйынтык бербесе, жеке жактар жана уюмдар ЕРӨБдүн Долбоорлор боюнча көз карандысыз отчеттуулук органына кайрылып, өзүнүн тынчсыздануусун канааттандыра алышат.

ДКОО арыз ээлеринин пикиринде зыян келтирген, же келечекте ага зыян келтириши мүмкүн болгон долбоордун көйгөйлөрүнө көз карандысыз баалоо жүргүзөт. Органдын милдетине кирет: экосоциалдык чөйрөдөгү жана маалыматты ачыкка чыгаруу чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү чечүү үчүн долбоордун кызыкдар тараптарынын ортосунда диалогду сактоо; Банктын өзүнүн Экологиялык жана социалдык саясатынын талаптарын, ошондой эле долбоорго тиешелүү Маалыматка жетүү саясатынын жоболорун аткаруусун баалоо; ошондой эле зарыл болгондо келечекте аларды Банктын аткарбагандыгына каршы чараларды көрүү менен, бул ченемдик документтерди сактабоо учурларын жоюу.

ДКОО жана анын мандаты менен кеңири таанышуу, текшерүү жүргүзүүгө кантип керектигин билүү үчүн Долбоорлоо боюнча көз карандысыз отчеттуулук органынын веб-баракчасына кириңиз же кошумча маалымат алуу же билдирме берүү боюнча нускама алуу маселелери менен ipam@ebrd.com электрондук почтасы аркылуу ДКООго кайрылсаңыз болот.